| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**КОЧКОРБАЕВ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**КОЧКОРБАЕВ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**КОЧКОРБАЕВСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**КОЧКОРБАЕВСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ №102/XXVI-28

19-сентябрь 2023-ж Кенеш айылы

## АРИСтин "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)" – КК АИД-3 долбоорундагы Ири долбоор "Нур-Наристе мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатырын, ашканасын жана кир жуучу жайын оңдоо" жөнүндө

КК АИД-3түн алкагында айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана ири долбоор "Нур-Наристе мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатырын, ашканасын жана кир жуучу жайын оңдоо", боюнча Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Дж.Усуповдун жана Кочкорбаев айылдык аймактын айылдык Кеңешинин төрагасынын Э.И.Токбергеновдун маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Кочкорбаев айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ири долбоор - "Нур-Наристе мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатырын, ашканасын жана кир жуучу жайын оңдоо" жалпы бюджети 4936 898, а.и. АРИСтин гранты 4 698 000 сом, айыл өкмөттун каржылоосу 238 898 сом бекитилсин.
2. Ири долбоор- "Нур-Наристе мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатырын, ашканасын жана кир жуучу жайын оңдоо" 2023-жылдын Кочкорбаев айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин.
3. Кочкорбаев айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы А.А.Байтокоева токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жарыялануусун камсыз кылсын.
4. Ири долбоордо көрсөтүлгөн объектилердин техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен чыгымдарды бекитилсин.

5. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Дж Усуповго "Нур-Наристе мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатырын, ашканасын жана кир жуучу жайын ондоо" ири долбоорду жана тиешелүү долбоордук иш-кагаздарды АРИСке өз убагында берүү тапшырма берилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айыл өкмөт башчысына жана айылдык Кеңешининин бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э. Токбергенов**